БЕКИТЕМ
ОшМУнун ЭББПКнын директору
К. А. Рамашов
«__» _____ 2022-жыл.

**Эл аралык билим берүү программалары колледжинин**
**Котормо иши: англис тили бөлүмүнүн башчысы Ж.И. Ахунжанованын кызматтык милдеттери**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБО

1.1. Бул кызматтык көрсөтмө университеттин Уставынын жана колледждин Жобосунун негизинде иштелип чыкты.

1.2. ОшМУнун Эл аралык билим берүү программалары колледжинин бөлүм башчысы колледждин директорунун сунушу менен окуу жайдын ректору тарабынан дайындалат жана бошотулат. Колледждин бөлүм башычысы эмгек өргүү жана убактылуу эмгекке жарамсыздык мезгилинде анын милдеттери бөлүмдөгү башка кызматкерге убактылуу жүктөлүшү мүмкүн.

1.3. Колледждин бөлүм башчысы иш-аракеттерин жүргүзүүдө колледждин директоруна, окуу иштери боюнча орун басарына түздөн-түз баш ийет.

1.4. Колледждин бөлүм башчысы өзүнүн иш-аракетинде Кыргыз Республикасынын Конститутциясын, КР укуктук-ченемдик актыларын (анын ичинде билим берүү, тарбия, эмгекти коргоо жана техникалык өрт коосуздугун алдын алуу), андан сырткары ОшМУнун Уставына, Кадрлар бөлүмдөрүнүн чечимдерин, окуу жайдын ички ченемдик укуктук актыларын жетекчиликке алат.

1.5. Колледждин бөлүм башчысы балдар укуктары жөнүндөгү Конвенцияны сактайт.

## 2. МИЛДЕТТЕРИ

**Колледждин бөлүм, ПЦК башчылары иш-аракеттеринин негизги багыттары болуп:**

2.1. Колледжде бөлүмдө билим берүү (окуу-тарбиялык) иштерин уюштуруу жана жетекчилик кылуу;

2.2. Колледжде бөлүмдөгү техникалык-коопсуздук эрежелерин жана ченин сактоо түзүмүн түзүү.

## 3. КЫЗМАТТЫК МИЛДЕТТЕРИ

**Колледждин бөлүм башчысы төмөнкү кызматтык милдеттерди аткарат:**

3.1. Колледждин бөлүмүндө бардык иш-аракеттерге жетекчилик кылат жана иш-аракеттерин жүргүзүүдө Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын жана окуу жайдын Уставынын, колледждин Жобосун жалпы жетекчиликти алуу менен ишке ашырат;

3.2. Колледждин бөлүм башчысы ректораттын, директордун ыйгарым укуктарынын чегинде берилген тапшырмаларын, Окумуштуулар Кеңешинин, Административдик Кеңештин колледжге тиешелүү жамааттык чечимдерин аткарат;

3.3. Колледждин жамааты менен биргеликте колледжди өнүктүрүүнүн стратегиясын, максаттарын жана милдеттерин аныктоого катышат;

3.4. Бөлүмдөгү окутуучулардын окуу пландарын жана программаларын түзүлүшүн жана аткарылышын көзөмөлдөйт.

3.5. Бөлүм башчы өз ыйгарым укуктарынын чегинде бөлүмдүн тийиштүү иш-кагаздарына кол коёт.

3.6. Колледжде бөлүмдүн ишинин жүрүшүндө келип чыккан илимий, окуу-методикалык, административдик башка маселелерди чечет;

3.7. Колледжде бөлүмдөгү профессордук- окутуучулук курамды моралдык жана материалдык жактан кызыктыруу, ошондой эле тартиптик жаза чаралары колдонуу боюнча колледждин директоруна сунуш киргизет;

3.8. Бөлүмдөгү кызматкерлердин милдеттерин аныктайт, аткарылышын көзөмөлдөйт, алардын кесиптик чеберчилигин жогорулатуу үчүн шарттарды түзөт;

3.9. Бөлүмдөгү кызматкерлеринин иш тартибин жана окуу жүктөмүн, эмгек өргүүсүнүн графигин бекитүүгө колледждин директоруна сунуштайт;

Сканировано с CamScanner

3.10. Бөлүмдөгү эмгек жамаата басмырлоодон жана куугунтуктан алыс болгон инклюзивдүү иш чөйрөсүн түзөт жана сактайт. Кызматкерлердин чыгармачылык демилгесин кубаттайт жана стимулдайт, коллективде жагымдуу моралдык-психологиялык климатты сактап турат;

3.11. Билим берүү ишин лицензиялоого, колледжди мамлекеттик аттестациядан жана аккредитациядан өткөрүү жана уюштуруу иштерине катышат;

3.12. Колледждин директорунун макулдугу менен баардык мекемелерде жана уюмдарда колледжин имиджин калыптандыруу жана өркүндөтүү боюнча аракеттерди ишке ашыра алат. Кызыктар тараптар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүнү жана кызматташтыкты жолго коёт;

3.13. Колледждин педагогикалык кеңешинин ишине катышат жана кабыл алыган чечимдерди бөлүмдө аткарылышын көзөмөлдөйт;

3.14. Бөлүмдөгү окуу-материалдык базанын эсепке алууну, сактоону жана толуктоону, иш кагаздарын жүргүзүүнү эсепке алат жана сакталышын камсыз кылат;

3.15. Колледждин бөлүмүндө өткөрүлүүчү жыйналыштарга жетекчилик кылат жана берилген тапшырмалардын аткарылышын көзөмөлдөйт;

3.16. Университеттин жана Колледждин узак мөөнөттүү стратегияларынын алкагында академиялык саясатты жана демилгелерди өнүктүрүүгө көмөк көрсөтүүнү жолго коёт;

3.17. Белгиленген тартипте Университетке абитуриенттерди кабыл алуу иштерине катышат;

3.18. Окуу жараянын жеңилдеткен технологиялык программаларды жана системаларды колледждин окуу жараянына киийрүүнү сунуштайт;

3.19. Кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда мамлекеттик билим берүү стандарттарынын талаптарынын сакталышын камсыздайт;

3.20. Университеттин башка түзүмдүк бөлүмдөрү менен бирдикте окууга, окуу усулдук жана илимий-изилдөө иштерин жүргүзүүгө катышат;

3.21. Студенттер жана бүтүрүүчүлөрдүн маалыматтык базасын түзөт жана алардын жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү максатында тышкы уюмдар менен жаңы байланыштарды өнүктүрөт.

3.22. Педагогикалык жана өндүрүштүк тажырыйбаны үйрөнөт, жалпылайт жана ылайыктуулугуна карап окуу жараянына киийрүүнү сунуштайт;

3.23. Жумуш берүүчүлөр, ата-энелер менен тыгыз байланышты түзөт жана өнүктүрөт.

3.24. Бөлүмдүн ишине, бөлүмдөгү кызматкерлердин окуу-методикалык материалдарына мониторинг жүргүзөт.

3.25. Бөлүмдөгү иш кагаздарын бекитилген иштин номенклатурасынын талаптарына шайкеш жүргүзүлүшүн камсыздайт.

3.26. Бөлүмдүн студенттеринин арасында тарбиялык, маданий массалык жана спорттук иштерди уюштуруу жана башкаруу (Колледждин тарбия иштери боюнча жооптуу кызматкери, колледждеги коомдук уюмдар менен биргеликте). Студенттердин предметтик, көркөм чыгармачылык ийримдерине, спорттук секцияларга, маданий саякаттарга, эс алуу кечелерине, лекцияларга жана башка иш-чараларга катышуусуна көзөмөлдүк кылат.

3.27. Бөлүм башчы бөлүмдөгү кызматкелерди кабыл алынган ченемдик укуктук актылар жана аларга киргизилген өзгөртүүлөр, ОшМУнун жетекчилигинин чечимдерин жана тапшырмалары боюнча өз учурунда маалымдайт.

3.28. Колледждин сайтынын жана сайттагы бөлүмгө тиешелүү бөлүгүн өз учурунда маалыматтык жактан толукталып турушун камсыздайт.

3.29. Жыйналыштарга, маалыматтык угууларга жана жыл жыйынтыгы боючна бөлүмдүн иши боюнча отчетун даярдайт.

3.30. Директордун окуу иштери, тарбия иштери боюнча орун басарларынын кызматтык милдеттеринин чегинде берилген тапшырмаларын аткарат.

Сканировано с CamScanner

### 4. УКУГУ

**Колледждин бөлүм башчылары өз компетенциясынын чегинде укуктуу:**

4.1. Бөлүмдөгү кызматкерлеге окутуунун сапатын жана тартипти камсыз кылуу максатында милдеттүү аткарылууга жаткан көрсөтмөлөрдү берүүгө жана аткарылышын талап кылууга;

4.2. Бөлүмдөгү кызматкерлерди сыйлоо жана дисциплинардык жана башка жоопкерчиликке тартууга колледждин директоруна сунуш берүүгө;

4.3. Окуу процессин үзгүлтүккө учураткан жосунсуз жоруктары үчүн студенттерди колледждин Жобосунда жазалоо жөнүндө белгиленген тартиптеги эрежелер боюнча дисциплинардык жоопкерчиликке тартууга колледждин директоруна сунуштоого;

4.4. Зарыл болгон учурда колледждин директору менен макулдашуу аркылуу сабактардын графигине убактылуу өзгөртүүлөрдү киргизүүгө, биргелешкен сабактар үчүн топторду убактылуу бириктирүүгө;

4.5. Сабактардын өтүлүшүн, студенттердин катышуусун, тартибин көзөмөлгө алууга жана бөлүмдөгү кызматкерлердин иш-кагаздарынын абалын, сапатын текшерүүгө жана сапаттык көрсөткүчтү талап кылууга укуктуу.

4.6. Бөлүм башчы окуу сапатына мониторинг жүргүзүү максатында сабак учурунда күтүүсүз текшерүүлөрдү жүргүзө алат.

### 5. ЖООПКЕРЧИЛИК

5.1. Колледждин бөлүм башчысы өздөрүнө түздөн-түз баш ийген кызматкерлердин квалификациясынын деңгээлине, окутуунун сапатына, студенттердин жетишүүсүнө жана сабактарга катышуусуна, тартибине, окуу планына жана окуу процессинин графигине ылайык билим берүү программаларын ишке ашырууга, окуу учурунда студенттердин жана мекеменин кызматкерлеринин укуктары менен эркиндиктеринин сакталышына жоопкерчилик тартат;

5.2. Бөлүмдөгү окуу-методикалык иштердин уюштурулушуна жана абалына карата;

5.3. Колледждин жобосун жана ички эмгек тартибин, башка жергиликтүү ченемдик укуктук актыларды жүйөлүү себепсиз аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн колледждин бөлүм башчысы эмгек мыйзамдарында белгиленген тартипте дисциплинардык жоопкерчиликке тартылат;

5.4. Студенттин инсандыгына физикалык жана психикалык зомбулук көрсөтүү менен байланышкан тарбиялоонун, ошондой эле башка адеп-ахлаксыз жорук жасагандыгы үчүн колледждин бөлүм башчысы ээлеген кызматынан эмгек тартибине ылайык бошотулушу мүмкүн. Бул жоосунсуз жорук үчүн иштен бошотуу дисциплинардык жоопкерчилик чарасы болуп саналбайт;

5.5. Өрт коопсуздугунун, эмгекти коргоонун, окуу жараянын уюштуруунун санитардык-гигиеналык эрежелерин бузгандыгы үчүн колледждин бөлүм башчысы административдик мыйзамдарда каралган тартипте жана учурларда администрациялык жоопкерчиликке тартылат.

**Тааныштым, макулмун:**

ОшМУнун Эл аралык билим берүү программалары колледжинин Котормо иши: англис тили бөлүмүнүн башчысы — Ж.И. Ахунжанова

“___” ________________ 2022- жыл.

**Макулдашылды:**
ЭББПКнын профсоюзу — Бекназаров С.

Сканировано с CamScanner